Каралды
Педагогикалык кеңеш №

«29» 08 2022-ж

Бекитем

Мектеп директору: Джанышбаева Ч.Т.
«___» _______ 2022ж.

# Окуу кабинеттери жөнүндө Жобо

## 1. Жалпы жобо

1.1 .Бул жобо Кыргыз Республикасынын билим беруу жөнүндөгү мыйзамына (2003 №2) Кыргыз Республикасынын мектептик билим берүүнүн Мамлекетгик билим берүү стандартына (2004.23.О7 №554 Кыргыз Республикасынын саламатгыкты сактоо министрлигинин (2004ж 20.02. № 9). Ар түрдөгү заманбап жалпы билим берүүчү уюмдардагы окуучулардын билим алуудагы шарттарына коюлган «санитардык — гигиеналык» талаптар жөнүндө жобосуна ылайык түзүлдү.

1.2.Окуу кабинети — атайын жабдылган окуу бөлмөсү. 1, II, III тепкичтеги окуучулардын билим алуусуна ыңгайлашкан. Муталимдин иштешине шарт түзүлгөн.

1.3.Окуу кабинети билим берүү уюмунун окуу планына кирген бир же окшоштуктары байланышы бар предметтерге ылайыкталып түзүлөт.

1.4 1- тепкичтеги окуучулар бекитилген класстык бөлмөлөрдөн көчпөй окушат.

1.5 2-3- тепкичтеги окуучулары мүмкүн болушунча предметтик кабинетгерге көчүп окушат.

1.6.Окуу кабинеттеги эмеректер санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык жабдылыш керек.

## 2. Окуу кабинеттердин жабдылышы.

2.1 .Ар бир окуу кабинеттерде окуучуларга алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана санитардык -гигиеналык талаптарга ылайык окуу орундары жана мугалимдерге жумушка ыңгайлуу шартгар түзүлүшү керек.

2.2.Ар бир окуу кабинеттерде окуучулардын боюна жараша жана ар бир класстын санына жараша окуу орундары камсыз болот.

2.3Ар бир мугалимдин иш ордунда ага ылайыктуу стол, ар кандай техникалык каражатгар, шкафтар, алардын ичине сала турган көрсөтмө- куралдар,доска жана башка керектүү эмеректер турушу керек.

2.4Ар бир окуу кабинеттерде окуучулардын коопсуздугу жана жашоого коркунуч келтирбеген шарттар түзүлүшү керек.

2.5.Химия, физика кабинеттерде өзгөчө лабораториялык тапшырмаларды аткарууда коопсуздук эрежелердин абдан тыкан сакталышы абзел.

2.6.Ар бир башталгыч класс-кабинетгерде кол жууганга умывальниктер болушу керек.

2.7.Химия, физика кабинетгерде абаны соруп тазалаган (вытяжной) шкафтар турушу керек.

2.8.Ар бир кабинетгин жасалышы жаны заманбап талаптарга жооп бериши керек.

## 3. Ар бир окуу кабинеттерге коюлган талаптар.

3.1.Ар бир окуу кабинеттерде окуу процесске ылайык ар бир предмет боюнча аткаруу программалар, окуу пландар, календардык жана сабактардын план-программалары болушу керек.

3.2.Окуу-кабинеттерде дидактикалык материалдар, көрсөтмө -куралдар, окуу китептер бардык окуучулар жетерлик деңгээлде камсыз болушу керек.

3.3.Коопсуздук жөнүндө журналдар, анын ичинде өрт-коопсуздук, санитардык-гигиеналык, жолдо жүрүү инструктаждар. аптечкалар менен камсыз болушу керек.

3.4.Окуу кабинеттердин жасалгасы предметке ылайык болушу керек.

3.5 Ар бир кабинетте окуу жүгүртмөлөр, качан, кайсы класс окуганын, факультативдердин убактысы, консультациялар күнү боюнча жай кабыл алган, тез кабыл алган окуучулардын окуу графикгери болушу керек.

3.6.Жазуу түрүндө өтүлө турган ар кандай жазуу тапшырмалар, тесттер, текшерүү иштер сакталышы керек.

## 3 .Окуу-кабинеттердин башчыларынын милдети.

4.1.Ар бир окуу кабинеттин башында — аларды жетектеген кабинет башчысы болот.

4.2.Кабинет башчысы ар бир окуу жылга окуу методикальж программа түзөт.

4.3 Кабинеттин ичинде болгон окуу куралдардын, окуу-эмеректердин, техникалык каражаттардын сакталышына жооп берет.

4.4.Ар бир кабинетте санитардык-гигиеналык тазалык көзөмөлгө алынат.

4.5.Ар бир эскилиги жеткен эмеректерди списаниге кетирип, ар бир жаны окуу жылына эмерек муктажтыгына заявка берет, жыл аягында ремонтко көз салат жана жооп берет.

4.6.0куу кабинетгеги окуткан окуучулардын коопсуздугуна жооп берет.

4.7.Окуу кабинетгин паспортун түзөт жана аны мектеп директоруна бекитирет.

## 4.Окуу-кабинетгин документациясы.

Окуу кабинетгин паспорту төмөнкүлөрдү камтыйт.

5.1.Окуу кабинеттин бир окуу жылынаа түзүлгөн планы, жана перспективалык планы.

5.2.Кабинеттин абалынын мүнөздөмөсү.

5.3.Кабинетмн жылуулук системасынын жана жарыгынын абалы.

5.4.Абаны-соруп тазалаган (вятяжной) шкафтардын абалы.

5.5.Сабактардын жүгүртмөсү, кружоктордун, факультативдин жүгүртмөсү,көрсөтмө- куралдардын тизмеси .

5.6.Мугалимдин техника коопсуздук жана окуучулардын коопсуздугу боюнча журнал-инструктаж.

5.7.0куу жылга көрсөтүлгөн кабинетгин окуу планы мектеп директору тарабынан бекитилет.

5.8.Кабинет ичиндеги эмерекгердин тизмеси (завхоздогу ген. ченем дал келиши керек).

Окуу кабинеттер окуу жылында 2 жолу текшерилет. Биринчиси окуу жылынын башында, экинчиси — план боюнча.